# ПАЙДАЛАНУУЧУЛУК МАКУЛДАШУУ

**1.Жалпы жоболор**

1.1. Ушул Пайдаланууучулук макулдашуу (мындан ары – “Макулдашуу”) Кыргыз республикасынын (мындан ары – “КР”) Жарандык кодексинин 396 жана 398-беренелерине жана . “Электрондук соода жөнүндө” КРнын мыйзамына ылайык коомдук офертаболуп эсептелинет.
1.2. “Optima market” Соода платформасынын Оператору жана Администратору, ошондой эле товарларды/кызматтарды төлөө боюнча Төлөм жүргүзүү агенти “Оптима Банк” ААКсы болот. Банк ошондой эле айрым насыялык өнүмдөрдү сунуштоо алкагында Кредитор катары чыга алат, алардын шарттары өзүнчө келишимдер менен жөнгө салынат.

1.3. “Optima market” Соода платформасынын Пайдалануучунун функционалын мобилдик тиркемеде колдонуп баштоо фактысы ушул Макулдашууну толугу менен сөзсүз кабыл алгандыгын билдирет.

**2. Терминдер жана аныктамалар**

**2.1.** Ушул Макулдашууда төмөнкү терминдер мындай аныктамада колдонулат:

- **“Тиркеме”** – Платформага кирүүгө мүмкүнчүлүк берген Optima24 мобилдик тиркемеси.
- **“Соода платформасы”** (текстте мындан ары – “Платформа”) – “Optima market” деген соода аталыштагы Тиркемеде жеткиликтүү программалык комплекс – Сатуучулардан Товарларды издөө, тандоо, буйрутма кылуу, төлөө же/жана сатып алуу үчүн платформа.
- **“Оператор”** – “Оптима Банк” ААКсы Платформанын ээси жана администратору, анын иштөөсүн жана Колдонуучу менен Сатуучулардын байланышуусун камсыздайт.
- **«Банк»** – “Оптима Банк” ААКсы:
  а) Оператор;
  б) Ортомчу;
  в) Потенциалдуу Кредитор катары иш алып барат.
- **“Пайдалануучу”** – Банктын кардары болгон, Платформанын функционалын Банктын мобилдик тиркемеси аркылуу колдонгон жеке жак.
- **“Сатуучу”** – Банктын өнөктөшү болгон, Тиркемеге Товарлар/кызматтар тууралуу Товардык сунуш орноткон юридикалык жак же жеке ишкер.
- **“Ортомчу”** (эсептешүү жагында) – . “Электрондук соода жөнүндө” КРнын мыйзамына ылайык, Платформа аркылуу Сатуучулардын товарлары жана/же кызматтары үчүн акча каражаттарын кабыл алууну жана которууну ишке ашырган “Оптима Банк” ААКсы.
- **“Кредитор”** – Платформа аркылуу Сатуучунун Товарларын жана/же кызматтарын төлөө үчүн Пайдалануучуларга белгилүү шарттарда насыялык өнүмдөрдү (колдонуучу насыя, бөлүп төлөө) берген Банк.
- **“Товар”** – Платформада жайгаштырылган жана кийин Сатып алуучуларга сатуу үчүн сунушталган Сатуучунун товардык позициясы.
- **“Кызмат”** – Пайдалануучунун муктаждыгын канааттандырууга багытталган жана Тиркемеде Сатуучу тарабынан сунушталган кызмат.
- **“Буйрутма”** – тандалган товарларды жана/же кызматтарды конкреттүү Сатуучудан сатып алуу боюнча Пайдалануучунун Платформа аркылуу жайгаштырылган тийиштүү суроо-талабы.
- **“Акцепт”** – Пайдалануучу тарабынан конклюденттүү аракеттерди жасоо (Платформаны колдонуп баштоо) жолу менен ушул Макулдашуунун шарттарын толугу менен кабыл алуусу.
- **“Жеке маалыматтар”** – Платформанын алкагында иштелип чыккан, белгиленген же аныкталуучу Пайдалануучуга түз же каймана тиешеси бар бардык маалымат.

**3. Макулдашуу предмети. Банктын ролдору.**

3.1. Оператор Пайдалануучуга платформаны издөө, тандоо, буйрутма кылуу жана товарларды жана/же кызматтарды үчүнчү жактан – Сатуучулардан (Өнөктөштөрдөн) сатып алууга берет.
3.2. Банк, Ортомчу катары, КРнын мыйзамында коюлган жана Банктын ички регламентинин ирээтине жараша Сатуучулардын товарларын/кызматтарын төлөө үчүн акча каражаттарды Пайдалануучудан алууну, эсепке алууну жана Сатуучуларга которууну камсыздайт.

3.3. Банк Банктын критерийлерине жооп берген Пайдалануучуларга — Банк кардарларына, товарларды/кызматтарды бөлүп төлөө же насыяга Банктын каражаттарынын эсебинен сатып алуу мүмкүнчүлүгүн бере алат. Насыялык өнүм Пайдалануучунун өзүнчө арыз-офертасынын негизинде берилет жана өзүнчө Насыялык келишим/Бөлүп төлөө келишими менен жөнгө салынат. Анын шарттары мындай келишим түзүлгөнгө чейин милдеттүү түрдө Пайдалануучуга жеткирилет. Ушул Макулдашууну акцепт кылуу насыянын автоматтык түрдө жактырылышын же берилишин билдирбейт.
3.4. Оператор Пайдалануучу менен Сатуучунун ортосунда түзүлгөн сатуу-сатып алуу же кызмат көрсөтүү келишимдеринин тарабы болуп саналбайт.

**4. Платформага жеткилик жана электрондук аракеттердин юридикалык күчү**

4.1. Платформага жеткилик Банктын Optima24 мобилдик тиркемесинин колдонуучуларына, Банк кардарлары болуп саналгандарга автоматтык түрдө берилет.
4.2. Пайдалануучу өзүнүн маалыматтарын үчүнчү жактарга бербөөгө милдеттенет.
4.3. Оператор бул Макулдашуунун шарттары бузулган учурда Пайдалануучунун жеткиликтүүлүгүн токтотууга же чектөөгө укуктуу.
4.4. Платформа аркылуу Пайдалануучунун бардык аракеттери (Буйрутманы берүү, ушул Макулдашууну акцепт кылуу, товарлар/кызматтар үчүн төлөм жүргүзүү, билдирүүлөрдү, даттанууларды жана башка билдирмелерди жөнөтүү) “Электрондук соода жөнүндө” жана “Электрондук кол тамга жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык электрондук аракеттер жана документтер болуп саналат.
4.5. Платформа аркылуу жүргүзүлгөн электрондук аракеттер жана документтер юридикалык мааниге ээ деп таанылат, жазуу жүзүндөгү документтердин күчүнө ээ жана Пайдалануучу, Сатуучулар жана Банк үчүн милдеттүү болуп саналат.
4.6. Пайдалануучу ушул Макулдашууну акцепт кылуу, буйрутма берүү, даттанууларды жана башка билдирмелерди Платформа аркылуу жөнөтүү, ошондой эле Платформа аркылуу товарлар жана кызматтар үчүн төлөм жүргүзүү шартсыз болуп саналганын жана тиешелүү юридикалык мааниге ээ аракеттерди жасоо ниетин тастыктай турганына макулдугун билдирет.
4.7. Оператор жана Банк Платформа аркылуу жүргүзүлгөн аракеттерди тастыктоо үчүн Пайдалануучудан кошумча кагаз документтерди талап кылышпайт, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында түздөн-түз каралган учурлардан тышкары.

**5. Төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби**

5.1. Платформа аркылуу буйрутма берилген товарлар жана кызматтар үчүн төлөм Банктын төлөм инструменттерин колдонуу менен накталай эмес түрдө жүргүзүлөт.
5.2. Төлөм жүргүзүлгөн учур деп Пайдалануучунун эсебинен акча каражаттары эсептен чыгарылган учур (же насыя/бөлүп төлөө колдонулган болсо, каражаттар насыя катары чегерилген учур) эсептелет.
5.3. Платформада туруктуу (регулярдуу) төлөмдөр же автоматтык түрдө кайталап сатып алуулар каралган эмес. Бардык төлөмдөр Сатып алуучулар тарабынан бир жолку негизде жүргүзүлөт. Акча каражаттарын автоматтык түрдө эсептен чыгаруу колдонулбайт.
5.4. Товар кайтарылган же буйрутма жокко чыгарылган учурда, акча каражаттары Пайдалануучуга төлөм жүргүзүлгөн ошол эле эсепке/банктык картасына кайтарылат же насыяны жабууга эсептелет (эгер товар насыя/бөлүп төлөө менен алынган болсо). Каражаттарды кайтаруу мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын жана Банктын эрежелерин эске алуу менен “Optima Market” соода платформасында Кызмат көрсөтүү саясатына жана анын №1 тиркемесине ылайык аныкталат.
5.5. Товар/кызматтын сапаты, саны, комплектациясы жана жеткирүү мөөнөттөрү боюнча дооматтарды Пайдалануучу түздөн-түз Сатуучуга коёт. Банк Ортомчу катары төлөмгө

байланышкан талаштарды жөнгө салууга көмөктөшөт, бирок Сатуучунун аракеттери/аракетсиздиги үчүн жооп бербейт.

**6.Тараптардын укуктары жана милдеттенмелери***:*

6.1. Пайдалануучу милдеттенет:

- Платформаны ак ниеттүү жана КРнын мыйзамдарына ылайык колдонууга;
- анык эмес, мыйзамсыз же туура эмес маалыматты, анын ичинде пикир, комментарий, кайрылуу, даттануу, Сатуучуга каттарды жана башка Платформаны колдонууда берилген маалыматтарды Платформанын функционалын колдонуп жарыялабоого, жөнөтүүгө жана өткөрүп берүүгө;
- Платформанын ишине тоскоолдук кыла турган аракетти жасабоого.

6.2. Оператор милдеттенет:

- Платформанын ишмердүүлүгүн камсыздоого;
- Пайдалануучунун жеке маалыматын КРнын мыйзамдарына ылайык коргоого;
- Макулдашуунун шарттары олуттуу өзгөргөнү тууралуу убагында маалымдоого;
- Пайдалануучунун буйрутмаларынын жана төлөмдөрүнүн статусу тууралуу билдирүүгө;
- Төлөмдөрдү жүргүзүүдө "Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү жөнүндө" КРнын мыйзамынын талаптарын аткарууга.

**7. Тараптардын жоопкерчилиги**

7.1. Оператор Сатуучулардын товарларынын жана кызматтарынын мазмуну, сапаты, коопсуздугу жана мыйзамдуулугу үчүн, Сатуучулар тарабынан берилген маалыматтын аныктыгы үчүн, ошондой эле Пайдалануучулар менен түзүлгөн келишимдер боюнча Сатуучулардын милдеттенмелерди аткаруусу үчүн жооп бербейт.
7.2. Ушул Макулдашуу боюнча милдеттенмелерди аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн Оператордун жоопкерчилиги, эгер "Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, талаштуу операция боюнча Пайдалануучудан түшкөн төлөмдүн суммасы менен чектелет.
7.3. Оператор үчүнчү жактардын мыйзамсыз аракеттеринин, интернеттин жана мобилдик операторлордун ишиндеги үзгүлтүктөрдүн, ошондой эле Пайдалануучунун өз аракеттеринин натыйжасында келип чыккан зыяндар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**8. Купуялуулук саясаты**

8.1. Пайдалануучунун жеке маалыматтарын иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин талаптарына жана "Optima24" интернет-банкинг системасынын кызматтарынын Купуялуулук саясатына ылайык жүргүзүлөт. Бул саясат төмөнкү даректе жайгаштырылган "Optima24" аралыктан банктык тейлөө системасын (Optima24 мобилдик тиркемесин) пайдаланууда колдонулат жана ошондой эле "Optima market" соода платформасын пайдаланууда да күчүндө болот:https://optimabank.kg/ru/for-individuals/rates
8.2. 8.1-пунктта көрсөтүлгөн маалыматтардан тышкары, Банк Пайдалануучунун Банк кардары катары банктык эсептери жөнүндө маалыматтар, кредиттик таржымалы, операциялар, финансылык абал тууралуу маалыматтарын да төмөнкү максаттарда иштеп чыгууга укуктуу:

- Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө (ПОД/ФТ) мыйзамдардын талаптарына ылайык идентификациялоо үчүн;
- Насыялык өнүмдөрдү сунуштоо үчүн төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоо үчүн;
- Маалыматтарды автоматташтырылган түрдө иштеп чыгуу, анын ичинде профилдөө аркылуу төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоо, жүрүм-турумун талдоо жана жекелештирилген өнүмдөрдү жана шарттарды сунуштоо үчүн.

8.3. Жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүү мыйзамда каралган учурлардан тышкары төмөнкү учурларда да жүргүзүлүшү мүмкүн:

- Сатуучуларга – Пайдалануучуну идентификациялоого, товарды жеткирип берүү жана талаш-тартыштарды жөнгө салууга жетиштүү көлөмдө (Аты-жөнү, байланыш маалыматтар, жеткирүү дареги);
- Төлөмдү жүргүзүү максатында – төлөм системаларына, банк-контрагенттерге;

- Насыя боюнча талап укугу өткөрүлүп берилген учурда – коллектордук жана башка уюмдарга.

**9. Жеке маалыматты иштеп чыгууга макулдук**

9.1. Пайдалануучу жеке маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана сактоого Банктын төмөнкү даректе жайгаштырылган “Жеке маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана сактоо жөнүндө” Коомдук офертасына ылайык макулдугу берилерин тастыктайт:

https://optimabank.kg/images/files/tariffs/for-individuals/offer-for-the-collection-processing-storage-personal-data.pdf

**10. Cookie жана аналитиканы колдонуу**

10.1. Тиркеме Платформанын ишин жакшыртуу үчүн cookie файлдарын жана башка аналитикалык аспабтарды колдоно алат.
10.2. Тиркемени колдонууну улантуу менен Пайдалануучу cookie колдонууга макулдугун билдирет.

**11. Макулдашуунун шарттарын өзгөртүү**

11.1. Оператор ушул Макулдашууну бир тараптуу өзгөртүүгө укуктуу, ал өзгөртүүлөр күчүнө киргенге кеминде 30 (отуз) календардык күн мурун Пайдалануучуга билдирүү берилген учурда.
11.2. Жаңы редакция аны Тиркемеде же Оператордун расмий сайтында жарыяланган учурдан тарта күчүнө кирет.

**12. Талаш-тартыштарды чечүү**

12.1. Ушул Макулдашуудан келип чыккан бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер “Optima market” соода платформасында орнотулган Кызмат көрсөтүү саясатына ылайык, Пайдалануучу Сервистин функционалы аркылуу кайрылуу (даттануу) жолу менен сөзсүз сотко чейинки тартипте жөнгө салынуусу керек
12.2. Талаш-тартышты сотко чейинки тартипте чечүү мүмкүн болбогон учурда, талаш-тартыш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык соттук тартипте каралууга тийиш.

**13. Жыйынтыктоочу жоболор**

13.1. Ушул Макулдашуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат. 13.2. Ушул Макулдашууда жөнгө салынбай калган бардык суроолор КРнын мыйзамдарына ылайык чечилиши керек.
13.3. Ушул Макулдашуу Пайдалануучу тарабынан акцепт болгон маалдан тартып күчүнө кирет жана Банк Платформанын ишин токтоткон күндүн эртесиишин токтотот.

*Эки тараптуу ырастоо механизмин ишке ашыруу:*
*1) Пайдалануучулук макулдашууну кабыл алам;*
*2) Жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга макулмун.*